Бекитем:

Мектеп директору: /Өмүрбеков М.М.

“ 5 ” 11 2022-ж

**Мектеп ашпозчулары үчүн жобо**

**Жалпы Жобо**

1.1. Ашпозчулук кызматка 18 жаштан жогорку атайын кеиптик билими бар талапкерлер кабыл алынат.
1.2. Мектеп директоруна жана директордун чарба иштери боюнча орун басарына баш ийет.
1.3. Мектеп директору жумушка кабыл алат жана жумуштан бошотот.
1.4. Ашпозчу өз ишмердүүлүгүндө төмөнкү документтерди жетекчиликке алат:
*Мектептин Уставы;
*Мектептин ички эмгек тартиби;
*Мектеп директорунун буйруктары;
*Ашпозчулук кызматтын Жобосу;

1.5.Ашпозчу төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:
*гигиенанын негиздерин;
*эмгекти коргоонун эрежелери жана нормаларды;
*санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди;
*ысык тамак ичүүнүн графигин;
*электр жабдууларын колдонуунун эрежелерин;
*өзгөчө кырдаалдарда коргонуунун эрежелерин;

**1.6. Ашпозчунун кызматтык милдеттери:**

*Балдар үчүн менюнун негизинде өз убагында сапатттуу жана даамдуу тамак даярдоо;
*Күнүмдүк менюну түзүүгө катышуу;
*Азыктардын өлчөмүн,салмагын нормага ылайык колдонуу;
*Азыктардын сакталышын көзөмөлдөө;
*Азыктардын туура бөлүштүрүлүшүн көзөмөлдөө;
*Тамактын санитардык талаптарга ылыйык берилишин камсыздоо;
*Ар бир баланын норма боюнча порциясынын өлчөмүн билүү;
*Санитардык-эпидемиологиялык талаптардын нормаларын билүү
*Нарк боюнча план менен отчётту түзө билүү(калькуляция);
*Керектүү азыктардын тизмесин түзө билүү;
*Колдонулган азыктардын отчётун түзө билүү;
*Тамакта азыктардын өлчөмү менен ар түрдүүлүгүнүн айкалышуусун камсыздоо;
*Тамак-аштарды жасоонун технологиясын жана рецептурасын билүү;
*Күнүмдүк менюдагы тамак-аштан бир порция алып,муздаткычта бир сутка сактоо(бракеражное меню)

*Идиш-аяктарды атайын стеллаждарга коюу;
*Ашканада атайын маркировкаланган ашкана буюмдарын колдонуу (бычак,тактай,кашык,тарелка,кастрюль ж.б.)
*Ашканада сынган,бүлүнгөн идиш-аяктарды,буюмдарды колдонбоо;
*Санитардык-эпидемиологиялык нормаларга ылайык ашкананы,ашкана буюмдарын дезинфекциялоо;
*Убагында медициналык кароодон өтүү;
*Таза,тыкан кийинип жүрүү,балдарга мэримдүү мамиле жасоо.

## Укуктары:

*Бузулган электр жабдуулары жөнүндө убагында жетекчиликке билирүү;
*Ашканада сынган буюмдар,идиш-аяктар жөнүндө жетекчиликке маалымат берүүгө;
*Сапатсыз азыктарды кабыл албоого;
*Ашканада жардамчы менен иштөөгө;
*Социалдык жактан ар  кандай жардамдарды,жеңилдетүүлөрдү алууга;
*Жылына бир жолу эмгек өргүүгө чыгууга;

## Жоопкерчиликке тартылат:

*Ашкана буюмдарын сындырып,бүлүндүрүп материалдык зыянга учуратса;
*Себепсиз жумуш ордунда жок болсо;
*Мектептин ички эмгек тартибине баш ийбесе;
*Ашканада санитардык-гигиеналык талаптар аткарылбаса;
*Тамак-аш даярдоодо кемчиликтер кетирилсе;
*Сапатсыз тамак-аштар даярдалса;
*Тамак-аштын өлчөмү нормага ылайык келбесе;
*Азыктардын пайдалануу мөөнөтү отүп кетсе;
*Күнүмдүк менюдагы тамак-аштан бир порция алынып, бир сутка муздаткычта сакталбаса;
*Сапатсыз азыктардан жасалган тамак-аштын негизинде балдардын ден-соолугуна зыян келтирсе;
*Жумуш ордунда адеп-ахлакка туура келбеген жүрүм-туруму менен одоно тартип бузса
Мыйзам чегинде административдик жаза колдонулат.